# رسالة موجزة إلى ملحد

# Атеистке кыскача кайрылуу

# Атеистке кыскача кайрылуу

Дүйнө тилдеринде исламдык контентке кызмат кылуу коомунун илимий комитети.

# Атеистке кыскача кат

Дүйнө тилдеринде исламдык контентке кызмат кылуу коомунун илимий комитети.

Биз кереметтүү ааламда жашайбыз, анда укмуштуудай шайкештикти жана таң калтырган кынтыксыз тартипти көрсөткөн так мыйзамдар өкүм сүрөт.

Инсан ааламдын мыйзамдарын канчалык терең түшүнгөн сайын, анда физика жооп бере албаган бир суроо жаралат: Бул мыйзамдардын булагы эмне? Жана алар өзү эмне үчүн пайда болгон?

Мен даяр жооп сунуштоо үчүн жазганым жок. Тескерисинче диний же интеллектуалдык көз-карашына карабастан, талкуууга арзый турган жүйөлүү суроо менен бөлүшөм.

Мыйзамдардын жоктон пайда болуштугу акылга сыябы? Же тартиптин максатсыз эле

пайда болууссу же аң-сезимдин акыл-эси жок материядан жаралуусу мүмкүнбү?!

Келгиле эң башынан, эң ачык-айкын, ошол эле учурда эң терең суроодон баштайлы:

Жоктук бир нерсени жарата алабы?

Бул укмуштуудай аалам, өзүндөгү кынтыксыз тартиби жана мыйзамдарынын ортосундагы кемчиликсиз шайкештиги менен, эч кандай себепсиз, жоктон пайда болду деп айтууга акыл жол береби?

Адамдын соо акылы муну такыр кабыл кылбайт. Анткени биз жашообузда эч бир нерсенин жок нерседен пайда болгонун көрбөйбүз.

Мени менен бирге өзүң тууралуу ой жүгүртүп көр: сени бир тамчы алсыз суудан ким жаратып, уга турган, көрө турган инсан кылды?

Денеңди ушундай кылдаттык менен жаратып, сага көрүүчү көздү, угуучу кулакты жана талдап, ой жүгүртүүчү акылды ким берди?

Сен энеңдин курсагында айласыз, алсыз кезиңде, сени энеңдин канынан азыктандырып, өсүп-жетилип, жарык дүйнөгө келишиң үчүн сага керектүү нерселердин баарын даярдап, ырыскы берип турган ким?

Муну сен өзүң жасадыңбы? Же дүлөй жаратылыш жасадыбы?

Табияттын акылы да, максаты да, эрки да жок. Кантип ал эң кубаттуу компьютерден да татаал системаны жаратат? Кантип ал аң-сезимди, туюмду жана сезимдерди жаратат?

Табият кантип эле эненин жүрөгүнө баласына болгон тубаса мээримди салсын? Же кантип зулумдукту көргөндө жүрөгүңдү сыгылтып, адилеттикти көргөндө жай алдырсын?

Бизге бул асыл маанилерди ким орнотту? Баалуулуктар кайдан келди? Абийир кайдан келди?

Айланаңдагы ар бир нерсе Жаратуучунун бар экенин жар салып турат.

Асманга карачы: аны устунсуз ким көтөрдү?

Күнгө карачы: анын так жана өзгөрбөс жүрүшүн ким белгилеген?

Жүрөгүңө карачы: аны сенин уруксатыңсыз өмүр бою ким соктуруп турат?

Ушунун баары кокусунан пайда болдубу? Же кокустук өзүн-өзү миллиарддаган жолу ушундай тартип менен кайталайбы?

Сөздүк же илимий энциклопедия сыяктуу так бир китептин принтердин жарылуусунан кокустан эле пайда болуп калганына ишенесизби?

Анда кантип бардык китептерден алда канча улуу болгон ааламды кокустук жарылуудан пайда болду деп ишенесиң?

Ислам дини сени акылыңды иштетпей коюуга чакырбайт, тескерисинче аны колдонууга чакырат. Аллах Таала Куранда айтты:

﴿...أَفِي ٱللَّهِ شَكّٞ فَاطِرِ ٱلسَّمَٰوَٰتِ وَٱلۡأَرۡضِۖ...﴾

«...Асмандар жана жерди жараткан Аллахта шек бар бекен?...» (Ибрахим сүрөсү, 10-аят)

Бардык нерсени жаратkandын бар экенине күмөн саноо акылга сыябы?

Аллах Таала айтты:

﴿وَفِيٓ أَنفُسِكُمۡۚ أَفَلَا تُبۡصِرُونَ 21﴾

«Силердин өзүңөрдө да (белгилер бар). Карабайсыңарбы?» (Зарият сүрөсү, 21-аят)

Бул сени денеңе жана рухуңа ой жүгүртүп, көз алдыңдагы далилди көрүүгө чакырык.

Андан соң Аллахтан түшкөн китептердин эң акыркысы болгон Ыйык Куран жөнүндө ой жүгүрт.

Бул китеп 1400 жылдан ашуун убакыт мурун түшүрүлүп, адамзатты ага окшошун алып келүүгө чакырды, бирок алар андай кыла алышкан жок.

Акыйданы, шариатты, окуяларды, илимди жана тилди теңдешсиз ыкма менен бириктирген китеп.

Ал жок болуп кеткен элдер, өтүп кеткен окуялар жана кылымдар өткөндөн кийин гана белгилүү болгон ачылыштар тууралуу кабар берген. Мисалы: түйүлдүктүн жаралуусу, булуттардын пайда болушу, жердин катмарлары жана планеталардын айлануусунун тактыгы.

Андан кийин Мухаммад пайгамбардын (саллаллаху алейхи уа саллам) өмүр жолуна ой жүгүрт. Ал цивилизация борборлорунан алыс жайгашкан чөлдө өскөн, окуганды да, жазганды да билбеген жана эч бир пендеден илим алган эмес. Ошентсе да ал, адамзатка акыл-эсти нурланткан, жан дүйнөнү тазарткан жана тарыхтын агымында эбегейсиз зор бурулуш жасаган түбөлүктүү кабарды алып келген.

Ага үңкүрдө түшүрүлгөн сөздөр менен адамзатты пендеге жана ташка сыйынуудан Ааламдын Жаратуучусун жалгыз деп таанууга жана адилеттүүлүк, мээримдүүлүк, кадыр-барк баалуулуктарын орнотууга алып келди.

Дүйнөнү өзгөрткөн, жүрөктөрдүн түпкүрүнө жеткен, кылымдар өтсө да жаңырыгы басаңдабаган бул кандай күч?

Эй, бул сөздөрдү окуп жаткан пенде: Раббиң сенден эч нерсеге муктаж эмес. Ал эми сен Ага муктажсың.

Ал сени жаратып, ырыскыңды берип, сени коргоп, сага убакыт берди. Ой жүгүртүп, Ага кайтууң үчүн.

Ал эч кимге зулумдук кылбайт, ал эми Ага чын дилден кайткан пендесин кабыл алып, күнөөлөрүн кечирип, жамандыктарын жакшылыктарга алмаштырат.

Мен сага эч нерсени таңуулабайм, болгону жүрөгүңдө чындыкка жол берүүңдү суранам.

Ачуудан жана жан дүйнөдөгү тынчсыздыктан арылып, бир саамга ой жүгүрт:

А эгер жаңылышсамчы?

Эгерде Кудай, өлүмдөн кийинки жашоо, бейиш жана тозок бар болсочу?

Өкүнүч эч пайда бербей калган кезде өкүнөсүңбү?

Акыйкатка карай чын жүрөктөн кадам ташта, Куран менен сапарыңды башта... Анда сен издеп жүргөн жоопторду жана өзүң муктаж болгон нурду табасың.

Ыйык Курандын маанилеринин котормосу

# Мазмуну

Атеистке кыскача кайрылуу .................................................. 2

Атеистке кыскача кат .......................................................... 2

ky438v2.0 - 06/09/2026